УДК: 808.1:82-94(043)
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.78

Темирова Б.
Бишкек мамлекеттик университети
Абдумухамед кызы Нуриза
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
Ош шаарындагы гуманитардык табигый илимдер факультетинин
орто кесиптик билим берүү бөлүмү

# К. ЖУСУБАЛИЕВДИН "МУЗДАК ДУБАЛДАР" РОМАНЫНДА АДАМ ЖАНА КООМ ПРОБЛЕМАСЫНЫН КӨРКӨМ ЧЕЧИЛИШИ

**Аннотация:** Макалада таланттуу жазуучу Кубатбек Жусубалиевдин "Муздак дубалдар" романында адам жана коом маселесин жаңыча көз караште көркөм интерпретациялагандыгы изилдөөгө алынат. Жазуучу "Муздак дубалдардан" баштап батыш адабиятын чыгармачылык менен өздөштүрүп, улуттук адабияттыбызда модернисттик дүйнө таанымга чыйыр салуу менен экзистенциализмыкмасын чебер колдонгон. Совет доорундагы коммунисттик партиянын катаал идеологиясынын кесепетинен адамдардын талкаланган тагдырлары, өксүк муундардын жашоодогу трагедиясы, адеп-ыйман сабактары, улуттук баалуулуктар муздак дубалдардын курчоосунда калгандыгы реалдуу турмуштук окуялар, образ- символдор аркылуу таамай сүрөттөп берген. Негизи жазуучу каармандын жан дүйнөсүн терең ачып берүүгө жетишкен.Натыйжада автор инсандын коомдон, тарыхтан кыйла жатыркоосун, индивидуалдуулук кысылып, өзүнчөлүгү жок болмуштун жетегинде жүрүшү, адамдардагы жалгыздык, кооптону, келечекке коркунуч, убайым сезимдерди, ой жүгүртүүнүн татаалдыгын терең психологизм, өзүн-өзү талдоо ыкмалары аркылуу көркөм эстетикада "аң-сезим сели" стилдик өзгөчөлүктөрдү кыргыз адабиятына алып келди- деген жыйынтыктуу ой пикирлер менен коштолот.

**Түйүндүү сөздөр:** роман, адам, коом, модернисттик метод, аң-сезим сели, психологизм, трагедия, образ-символ, чеберчилик.

Темирова Б.
БГУ им. К.Карасаева
Абдумухамед кызы Нуриза
Отделение среднего профессионального образования
факультета гуманитарных и естественных наук в г.Ош
при КНУ им. Жусупа Баласагына

# ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИНТЕРПРЕТАЦИЯ ПРОБЛЕМ ЧЕЛОВЕКА И ОБЩЕСТВА В РОМАНЕ К. ДЖУСУБАЛИЕВА «ХОЛОДНЫЕ СТЕНЫ

**Аннотация:** В статье исследуется художественная трактовка талантливым писателем Кубатбеком Джусубалиевым проблемы человека и общества с новой стороны в романе «Холодные стены». Начиная с «Холодных стен», писатель творчески осваивал западную литературу, умело использовал метод экзистенциализма, прокладывая путь к модернистскому и постмодернистскому мировоззрениям в отечественной литературе.
Из-за жесткой идеологии коммунистической партии в советское время судьбы людей были

разрушены, трагедия жизни потерянных поколений, нравственные уроки и национальные ценности, окруженные холодными стенами, были ярко описаны через реальную жизнь события и образы. На самом деле писателю удалось глубоко раскрыть душу персонажа. В результате автор описывает отрыв личности от общества и истории, сужение индивидуальности и существование жизни без обособленности, одиночества, беспокойства, страха перед будущим, чувства тревоги, сложности мышления через методы глубокий психологизм, самоанализ, стиль «наводнения сознания» в художественной эстетике, сопровождающийся обобщающими размышлениями, которые он привнес в кыргызскую литературу.

**Ключевые слова:** роман, человек, общество, модернистский метод, поток сознания, психологизм, трагедия, образ-символ, мастерство.

**Temirova B.**
**BSU named after K. Karasaev**
**Abdumukhamed kyzy Nuriza**
**Department of secondary vocational education**
**Faculty of Humanities and Natural Sciences in Osh**
**at KNU them. Zhusup Balasagyn**

## ARTISTIC INTERPRETATION OF HUMAN AND SOCIETY PROBLEMS IN K. DZHUSUBALIEV'S NOVEL "COLD WALLS"

**Abstract:** The article explores the artistic interpretation of the problems of man and society by the talented writer Kubatbek Dzhusubaliev from a new perspective in the novel Cold Walls. Starting with Cold Walls, the writer creatively mastered Western literature, skillfully used the method of existentialism, paving the way for modernist and postmodernist worldviews in Russian literature. Due to the rigid ideology of the Communist Party in the Soviet era, the fate of people was destroyed, the tragedy of the life of lost generations, moral lessons and national values, surrounded by cold walls, were vividly described through real life events and images. In fact, the writer managed to deeply reveal the soul of the character.

As a result, the author describes the separation of the individual from society and history, the narrowing of individuality and the existence of life without isolation, loneliness, anxiety, fear of the future, feelings of anxiety, complexity of thinking through the methods of deep psychologism, introspection, the "flood of consciousness" style in artistic aesthetics, accompanied by generalizing reflections that he brought to Kyrgyz literature.

**Keywords:** novel, man, society, modernist method, stream of consciousness, psychologism, tragedy, image-symbol, mastery.

Адам жана коом маселеси көркөм өнөрдөгү түбөлүктүү темалардын бири болгондуктан, кыргыз профессионал адабияты алгач жаралган күндөн баштап эле бүгүнкү күнгө чейин ар тараптуу, көп кырдуу чагылдырып келе жатат.Адабият адам турмушунун көркөм энциклопедиясы. Андыктан көркөм чыгармаларда адам дүйнөнүн, ааламдын чордонунда туруп, коомдук- тарыхый жана мезгил менен тыгыз байланышта адабияттын ар кыл жанрындаар кандай мүнөздө көркөм изилдөөгө алынып келет. Профессор С.Байгазиевдин: "бүгүнкү күндө адам проблемасы, анын коомго карата мамилеси жөнүндөгү маселе ар кандай

философиялык, социологиялык, эстетикалык теориялардын борборунда турат” [1, 10], - дейт. Ушул өңүттөн карагандаК.Жусубалиевдин“Муздак дубалдар” романында адам жана коом проблемасы жаңычакөз караштa көркөм интерпретацияланган.Белгилей кетүүчү жагдай, чыгарма 1969-жылы жазылып, бирок соцреализм “цензурасынан” өтпөй, эгемендүү жылдарда гана жарык көргөн. Окумуштуу Д. Асакеева белгилегендей: “К.Жусубалиев бул романды жаратууга теориялык даярдыкта келип, интеллектуалдуу романды жаратууга жетишкен жана социалисттик реализм методуна баш ийбестен, метод кеңири жашап турган мезгилде (60-жылдар) ага карама-каршы маанайдагы чыгармаларды жазып, улуттукадабиятта жекече жолун баштаган” [2, 517].

Калемгерсоветтик тотолитардык системага ачык каршы чыккан диссидент жазуучу эмес, бирок катаал саясий системанын, коомдук түзүлүштүн туура эмес багытын, ички жактарын, түпкү маңызын, социалдык турмуш чындыгын көркөм чындыкка айландырууда өзүнчө жол таап,ар түрдүү эстетикалык белгилер, образ-символдор, метафора, подекстстик ыкмалар аркылуу чебер сүрөттөөгө жетишкен. Сүрөткер “Муздак дубалдар” баштаган адабий дөөлөттөрү аркылуу батыш адабиятын чыгармачылык менен өздөштүрүп, улуттук адабиятa модернизм багытына чыйыр салган жана өзүнчө көркөм поэтикалык изденүү менен келген. Романда башкы каарман Арыковдун мээ кайнаткан саратан айларында айылдан шаарга келе жаткан атасын күткөнү жана кокустан каза болгон атасынын сөөгүн айылга алып бара жатып, бүтүндөй өмүр тагдырын сыдыргыга салып өтүп, көргөн-билгендерин, бирөөлөрдөн уккандарын эске түшүрүү менен ой жүгүртүп талдап, эскергени окуянын негизин түзөт. Чыгармада Арыковдун ысымы аталбайт, фамилиясынын берилиши символикалуу мүнөзгө ээ. Романда атасы менен апасынын жана атасы мененөзүнүн бири-бирине жасаган муздак мамилелери менен катар советтик адамдардыкоомдун муздак дубалдары курчап тургандыгы сүрөттөлөт.Социалисттик коомдук шартта жашаган кыргызайылындагы карапайым адамдардын түркүн тагдырлары,кайчылыш турмушу, дүйнө таанымы, адеп-ыйман маселелери реалисттик планда чагылдырылган.

Дегеле чыгармада Арыковдун апасынын аянычтуу көз жумушу, Уулбай абышканын жүрөк титиреткен өлүмү сыяктуу окуялар психологиялык жактан трагедиялуу мотивди күчтөндүрүп турат.Залкар жазуучу Ч.Айтматовдун: “Трагедия-чындыктын обьективдүү категориясы,аны этибар албоо,же тоготпой коюу жарабайт.Трагедия бул аң-сезим, бакыт, чыгармачылык сыяктуу эле адам менен бирге болуучу нерсе. Бул анын тиричилигинин, жашоосунун бир бөлүгү”[3, 140], – деген залкар сөзү эске түшөт. Бул да болсо автордун трагедияны адам баласынын жашоосунун бир бөлүгү катары карап, адамзаттын турмушуна, коомдун өнүгүшүнө кайчылаш келген көрүнүштөрдү таамай ачууга жетишкен.

“Муздак дубалдар” романында окуялардын бүткүл өнүгүш логикасына караганда Арыков өзүн курчап турган коомдон обочолонгон, тартынчак, пассивдүү адам. Көп катмарлуу, терең философиялуу чыгарма катарыокуя көбүнесе каармандын мүнөз-тагдыры монолог, диалог,

өзүн-өзү ачуу, символикалуу сүрөттөөлөр, түш көрүү мотивдери аркылуу ачылып, “аң-сезим сели” стилдик ыкманы абдан чебер колдонгон. К. Жусубалиевдин чыгармаларын системалуу изилдегенокумуштуу М. Токтогулова: “Муздак дубалдарды” окуп жатып, каармандын сырткы турмушу анчалык таасын көрбөйбүз, тескерисинче, анын ойлору, сезимдери, болгондо да түнт сезимдери(подсознательное-көмүскө аң-сезимдери алдынкы катарга чыгат” [4, 21], - деген туура байкоолорун айткан.Каармандардын ички дүйнөсүнүн татаал жактарына чейин сүңгүп кирип, көмүскө аң-сезимине чейин изилдеп, “аң-сезим селин” кыргыз адабиятынын топурагына өндүрө алгандыгы «жусубалиевдик” стилдин өзгөчөлүгү. Чыгарма башталганда эле “аккан арыктын баласы” Арыков чычаладай күндүн ысыгында какшыган сай менен Кара Бакка келе жатып, бутун ташка уруп, тырмагын каңтарып, делбетап абалда өзүн качкын сезе баштайт.Кара Бак советтик система катары метафорага ээ. Арыков да тегин жерден какшыган сайдагы Кара Бакты аралап келе жатып өзүн капысынан качкын сезе баштайт. Анткени романда социалисттик мезгилдин адамга тийгизген драмасын таасын ачып берген. Чыгармада адамдарды кол куушуртуп, баш ийүүчүлүктө кармаган советтик бийликтин кандай масштабда болбосун коркунучтуулугу “баса калып куйкалап жиберчүүдөй, “кан ичмеси кармагандай, “кара түн түшкөндөй” сыяктуу метафоралык жана символдук образдар менен жарыштыра сүрөттөгөн. “Кайсы майрамдан кийин болсо керек эле, шаардын чоло жери жок сайылган туулар, качырашып, жайылган кирлердей илинген лозунгалар шамалга сынып айрылып, жулунуп жатышты. Ар кайсы туш-туштан дубалдардын бооруна илинген эбегейсиз зор плакаттар, андан да эбегейсиз зор тартылган портреттердин күп-күп этип жерге кулагандары угулду. Дарактар адаттагыдай бир калыпта сени сооротkондой шуулдашпай, ичип-жеп ийчүүдөй ызырынышып, качырап сынып жатышты” [5, 40-41].

Баарыдан мурда он беш мамлекетти былк этирбей катуу чеңгел менен башкарган Оруссия империясынын күп этип кулап калышы эч кимдин оюна келген эмес. Бирок жазуучу алдын ала дүйнөнү дүңгүрөткөн зор державанын кулап калышын кадимкидей элестүү, таамай жазганына таң калбай койбойсуң. К.Жусубалив советтик доордун ички маңызын, социалисттик идеологиянын карама-каршы жактарын, көп улутту элдердин тагдырына тийгизген трагедиялуу таасирин укмуштуудай ачып берген.

Белгилөөчү жагдай, романда жандуу турпаты, өзгөчө мүнөзү менен чебер түзүлгөн Уулбай абышканын образы. Авторжылкы жандуу Уулбай карыянынннарктуулугу, тунук акылы, берешендиги, ашкере сезимталдыгы психологиялык жактан мыкты сүрөттөлгөн. Чыгармадан көрүнгөндөй анын жанынан артык көргөн жалгыз күлүгүн мал каттоого колхозго алабыз деген шылтоо менен көз көрүнө башкарма тартып алат. Уулбай үчүн дабанда жок“чум кара” жорго эң кымбат жан кыйышпас досу болсо, башкарма үчүн бийликтин атрибуту. Ошондуктан кыянатчылыкка чыдабаган абышканын зулум бийликке каршы жалгыз күрөшү трагедиялуу аяктайт.Ушул мааниде, залкар жазуучуЧ.Айтматовдун

“Гүлсарат” повесттиндеги Танабай менен Гүлсараттын аянычтуу тагдыры эске түшөт. Алардын образы аркылуу адам жана коом проблемасы жаңыча коюла баштаган.Маселен, Танабай эң татаал, карама-каршылыктуу адам. Анын өмүр максаты, жашоосунун маңызы бүтүндөй коомдун кызыкчылыгына багытталган, чоң максаттар үчүн курмандыкка чалынган.К.Жусубалиев совет доорунда коммунизмге бара жатабыз деген куруу шаңдануучулуктун артында коомдогу адамгерчиликсиз идеологияны ачып көрсөткөн.Жазуучу бул проблеманы советтик коомдо жашаган, корголууга муктаж болуп отурган адам, анын социалдык-психологиялык абалы аркылуу бийликке карата позициясын ачыкка чыгарган. Бийликтин адамдарды басынтуу, күч колдонуу сыяктуу терс көрүнүштөрүн ачык эле ашкерлеп келген. “Муздак дубалдар” романындагы Улбай абышканын трагедияга толгон тагдыры чыгарманын ичиндеги чыгармадай таасир этет. Окумуштуу А.Кадырмамбетова белгилегендей: “К.Жусубалиев улуттук адабиятыбызга жаңы багыт, жаңы нукту алып келгендиги, өздөштүргөндүгү болду”[6, 713].Жазуучу өзгөчө каармандарынын терең психологиясы, татаал ой жүгүртүүсү жана бөтөнчө поэтикалык тили аркылуу кыргыз көркөм сөз өнөрүн жаңылады.

Жыйынтыктап айтканда,“Муздак дубалдар” романы экзистенциализм багытында жазылып, инсандын коомдон, тарыхтан кыйла жатыркоосун, индивидуалдуулук кысылып, өзүнчөлүгү жок болмуштун жетегинде жүрүшү, адамдарда жалгыздык, кооптону, келечекке коркунуч, убайым сезимдерди алып келиши чыгармада чебер сүрөттөлгөн. Арыковдун образы аркылуу адам жан-дүйнөсүнүн татаалдыгын, өзгөрүлмөлүү касиетке ээ философиясын“аң-сезим сели” аркылуу таасын көрсөтүүгө жетишкен. К.Жусубалиев романында адам, коом, бийлик маселесин социалдык-турмуштук, нравалык, психологиялык аспекте чагылдырган. Таланттуу калемгер К.Жусубалиевдин “Муздак дубалдар” романы аркылуу чыгармачылык өнөрканасынын сыры көп кырдуу экендиги жана сүрөткердин көркөм-эстетикалык, философиялык ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги айкын көрүндү.

**Адабияттар**

1. Байгазиев С. Адам, коом маселеси философияда жана адабиятта // Ала-Тоо.-1980.-№1.
2. Асакеева А.Ж. Советтик идеология жана XX кылымдагы улуттук адабий-көркөм процесс. Монография.– Б., Улуу тоолор, 2015. –536 б.
3. Айтматов Ч.Т. Биз дүйнөнү жаңыртабыз, дүйнө бизди жаңыртат. - Ф., Кыргызстан, 1988.- 400 б.
4. М.Токтогулова. Кубатбек Жусубаливдин жазуучулук тагдыры: чыгармачылыктагы эркиндик жана акыйкаттын жолу. – Б., Бийиктик, 2020.-170 б.
5. Жусубалиев К. .Муздак дубалдар: / Романдар жана повесть.-Б., Адабият, 1990.- 432 б.
6. Кадырмамбетова А. Жусубалиев Кубатбек. [Текст]:/ А.Кадырмамбетова // Кыргыз адабиятынын тарыхы. 7 том.Б., 2002. –720 б.
7. Каныбекова А.К. Кыргыз роман жанрынын өнүгүшү (60-70-жылдарда) - №2 (32) – Б.,

2015. 48-б.